УДК 82-1

# КРИЗИСТИК ДООР ЖЕ XX-XXI КЫЛЫМДАРДЫН ЧЕГИНДЕГИ КЫРГЫЗ АЯЛДАР ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ИДЕЯЛЫК-СТИЛДИК КӨРҮНҮШТӨР

***А.А.ЭГЕМБЕРДИЕВА***
*E.mail. ksucta@elcat.kg*

*Бул макалада постсоветтик учурдагы кыргыз кыздар поэзиясы сөзгө алынат. Автор тарабынан "кризистик доордун ырлары" катары табылган ал ырлардын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрү тууралуу сөз болот, акындык табылгалар белгиленет.*

*В данной статье обсуждается женская поэзия постсоветского периода. Рассматривая данную поэзию в качестве "стихов эпохи кризиса", автор говорит о ее идейно-тематичеких особенностях с упором на ключевые аспекты творчества поэтов.*

*This article discusses women's poetry that emerged during the post-Soviet epoch. While considering this poetry as "the poems of the crisis era," the author elucidates ideological and thematic peculiarities focusing on the key aspects of these literary works.*

Жетимишинчи жылдары кыргыздын акын аялзаты баштаган медитативдик поэзиядагы муңайымдуулук, кейип-кепчүү менен көңүл чөгөттүк өңдөнгөн маанайлар өлкө эгемендикти алган жылдары чындап өз өнүгүүсүн улантты. Бир кездеги жок жерден санаачылдыкка баткан назик, чыгармачыл калемгерлер эми совет өлкөсүнүн тутумунан бөлүнүп, эсеңгиреп турган өз кичи мекенинин маанай-туюмун жан-дүйнөсү менен туйбаганга аргасы жок эле. Бирок кандай болгон күндө дагы эл кара курсактын айласын таппай, акча бирдиги алмашып, өлкө жедеп кымбатчылыкка батып, үстүнө тартса, аягына жетпеген жармач жашоодо дагы калем кармагандардын шаабайы такыр эле сууп, кыймылсыз отуруп калган жок. Баягыдай план менен китептер басмадан чыгып, авторлору калем акы алган заман болбосо дагы, ар ким колунан келишинче китеп чыгарып, өлкөдөгү эгемендик адабияттын эгемендигине алып келди. Ал мезгилдин маанайын төмөнкү ырлар чагылдырат: "Ырларым, жол тарткыла, Ак таңдай жарылганы, Каржалган ой-сезимдин, Канына малынганы. Калкымдын кайратына, Канаттай тагылганы. Турмуштун жүрөгүнө, Туу болуп сайылганы!.. Бул ыр 90-жылдары адабиятка келген талапкер С.Касымалиевага таандык. Өмүрлүк жолдошу, ал дагы акын, М.Байгазиев экөө кошмо китеп катары чыгарган "Үнсүз кыйкырык" жыйнагындагы Светкүлдүн бет ачаар ыры ушундайча башталат. Ыр жолуна кадам коюп жаткандагы жаш акындын ырына таккан милдети, ага берген озуйпасы жалпы калайман калктын каржалган абалына үндөш болуп, алардын муңун муңдашууга чакырган чакырыгына сугарылган. Өз дилинде жаш акын өзүнүн али балапан сымал эти ката элек ырларын элинин кайратына канат болсо деген изги тилеги менен коштойт.

Китепке жазган баш сөзүндө акын С.Тургунбаев төмөнкү ойлорун айткан: "...Бүгүнкү тартышчылык чыгармачыл адамдар үчүн ташпиштүү заманда ... экөөнүн ушул алакандай китеби жарыкка чыгып отурат... "Бүткүл дүйнө жыйналбаган аралдай, иретинен кетип недир чачылат" дейт Светкүл. Поэзия да ошол жыйналбаган дүйнөдөй чексиз. Ар бир акын аны өзүнчө ача алат. Светкүл буга акын кыздарга жана жалпы эле аялзатына мүнөздүү сезимтал психология, айрыкча абстракциялык (сөздүн жакшы маанисиндеги абстракция) аксессуарлар, мээр белгилер менен куралданып кирген сыяктуу. Шамал жөнүндөгү ырында бул өзгөчөлүгүн изги сыпатта көрсөтө алган. "Узун чачы уюлгуган шамалым, кай жаккадыр кетели дейт, шашылат". Абстракциялуу шамалга эстетикалык шарттуулуктун закону менен жан жолдоштой элес берет: "Тагдырында жигит болсоң эгер сен Тайманбас да тартынбас, Мурдагыдай болсом мен да сулуу, жаш"...

Табияттан бүткөн жапан шамалдын жер үстүн дирилдетип удургуткан портретин, стихиялык күчүн тартат. “Бүт турпатын ушул ааламдын, басып барат майда калтырак” деп шамалдын шарданынан жер, асман ортосунда жүрүп жаткан жарайанды (процессти) жандандырууга жетишет...”

Жаш акындын ырынан дагы, С.Тургунбаевдин сөзүнөн дагы байкалган нерсе – Светкүл өзүнүн дүйнө кабылдоосу аркылуу эл ичинде, өлкөдө, жалпы жер бетинде, ааламда болуп жаткан процесстерге өз алдынча баа берүүгө аракеттенгендиги. Андагы абстракция катары байкалган нерсе акындын сүйлөбөгөндөр менен сүйлөшкөндүгү, керeңдерге угузгандыгы, башкача айтканда, табият менен камыр-жумур бет келише, алардын шобурт-шоодурун тыңшай алгандыгы, дүйнөсүн сезе алгандыгына байланыштуу. Акындын туюмунда ошол табият дагы өлкөнүн добушуна кулак төшөп, кыймылына көз салып тургандай элести берет. Демек, акындын ырларындагы негизги идеялык өзгөчөлүк – өзү жашаган доор, замандын добушун кагаз бетине түшүрүп калганга далалаттангандык. Ал ал тургай “Медерге кайрылуу” аттуу ырынын алгачкы саптарынан эле байкалат: “Баасын тапсын артыбызда муундар, Таштап кеткин бир чындыкты сендеги. Биз экөөбүз жүргөн мезгил жетелеп, Бул дүйнөнүн убактылуу эрмеги. Тартып кеткин бүгүнкүнүн сүрөтүн, Эртеңкилер көрсүн бизди ошондон. Ошондуктан керек сендей сүрөткер, Калбас үчүн тарых жолдон жыгылып, Ырлар биздин артыбызда мураскер”. Ыр, кийинки муундар алдындагы жоопкерчилик акындын бүткүл чыгармачылыгын коштойт. Ал эми өзүн табияттан бөлүп алгыс караган, ошонусу менен дагы доор добушун айтып турган ырларынын катарына төмөнкү ыры дагы кирет: “Эшикте жаз... Эңсөөлөрдү делөөрүткөн, Наристенин балажууран жытындай. Чуркап чыгам көңүл тышка ээленип, Шаар турмушу чакчелекей чуу тынбай. Сансыз санаа тынчымды алып, Көөдөнүмдү тытмалайт, Булуттарды көшөгөлөп, Алтын чачын күн тарайт, Тынбайт санаа. Менде бүткүл дүйнөдөгү санаалар, Айылдагы тоолор күтүп жаткансыйт, Зарыгышып күтө берип чарчаган, Жоогазындар бариктерин ачкансыйт, Тынбайт санаа. Менде бүткүл дүйнөдөгү санаалар...”

Акын өзүнүн жаш дилинде бүткүл дүйнө үчүн санаага батат. Кыргыз поэзиясындагы бир кезги, ошол эле аялзаты баштаган, медитативдик ырлардан айырмаланып, мында жеке кайгы эмес, элдин, өлкөнүн, дүйнөнүн кайгысы берилип, кайгынын себебине негиздер көп. Бирок ал кайгы эмнеден улам чыгып жаткандыгы, анын себептери чечмеленбейт. Аны издеп отуруунун дагы анчейин кажети жоктой. Анткени жаңы эле эгемендик алган кыргыз адамынын дүйнөсүндөгү болуп жаткан башаламандыкты, чаржайыттыкты, депрессияны, кризисти бул ырлар чагылдырып турат. Ырлардын мазмуну гана тургай стилдик жагынан ички, тышкы тартиби дагы, күтүүсүз эркиндикке чыгып, өзүнүн алапайын таппай турган адамдын дүйнөсүнө коошуп тургандай. “Сүрдөтүп күн кареги, Сүйүүсүн төгөт жерге. А жерде чаң-тополоң, Алпуруш азган пенде. Салбырайм сары оорудай Сагынычтан жыгылчудай, Кыздарым көздөн учат Кумдуу чөл булутундай. Кызыгы кеткен дүйнө Кыялын төккөн дүйнө, Салбырайт сары оорудай, Санаага чөккөн дүйнө (2.54-б.). 80-90-жылдардын кризистик ырларынын айкын мисалы болуп берчү ырлардын бул бири гана. Акындын жыйнагын баштан аяк ушул маанай, ушул добуш көзөп өтүп турат. Бирок бул, дагы кайталап айтсак, кечээги медитативдик, сентименталдуу ырларды жазган С.Акматбекова сыяктуу акындардыкындай көз жашын көлдөтүп отуруп алуудан алыс, коомдогу ошол кыйынчылыктын үстүнөн такыр башка жарык нерселерди, айталы, жогорку ырда “чаң-тополоң болуп жаткан жерге сүйүүсүн төгүп жаткан күн” айтылгандай, бийик нерселерди көргөн, бүгүнкү менен эртеңкини салмактап, таразалап турган, өткөндөргө жөнсүз ностальгия болуп санааркай бербеген ырлар болуп саналат. Буга: “Ишенип мен да жүрөм, Ишенип күн нур төгөт, Ишенич жашап жатат! Ишенич өлө көрбө!..”жана “Шаңкайган асман, Шаңында күндү баккан. Шаңкайган карегинде Шарпылдап жашоо аккан. Бүтпөйт жомок Тилегимде жашаган Тиктейм дагы Көздөрүмө жаш алам...” - деген сыяктуу ырлары күбө. Ал эми Светкүлгө замандаш, калемдеш, курбалдаш башка акындар эмнени жазды экен? Бул суроонун жообун издеп Нургүл Абдразакованын “Бир тал ширеңке” аттуу китебиндеги дүрт

этип кайра өчкөнсүгөн, үзүл-кесил, кыска саптардан, үч саптан турган ырларына көз жүгүртүп көрөлү: “Чачылып калдың сансыз, Көлөкөм, изим артта... Жалтанам үмүттөнгөн көз караштан.//Жутат мени ачка жолдор... Кесип жолду, Жолбун ит өтөт.//Бозоруп жердин эрди... Күн өтсө артын салып, ... Таарынып боюн таштайт жалбырактар.//Түн ичин жарайынбы Бычак менен?! Ар жагын көргүм келди...”

Нургүлдүн ширеңкенин отундай болгон бул ырлары 3 саптан, 5 саптан турган, 3 сабы тамыры сыяктуу болсо, 2 сабы өзөгү сыяктуу болгон, 3 сабы мурунку акындардан алынса, 2 сабын жаңы акын жазууга милдеттүү болгон япондордун хокку деген поэзиясын эске салат. Атактуу, «Тыптынч көл мемиреп турат» деген даяр сапка «Чулп» этти бака» деген өзүнүн жалкы сабын киргизгендиги менен классик атыккан Мацуо Басе жана анын калемдештери күнүмдүк менен түбөлүктүүлүктүн симметриясын ачышат. Мында көлдүн тынчтыгы традиция болсо, Басенун бакасы - новаторлук. Көрсө гүлдөп турган өмүрүн узарта турган элдер кадам артынан кадам таштап, 2 сапка же 40 пайыз гана новаторлукка жол беришет экен. 100 пайыз жаңыланабыз деп Советтер Союзундай кыйрабай, япон менен кытайлар өз гүлдөгөн ооматтуу доорун узартып алышкандай көрүнөт. Изилдөөчүлөр Басенун 36 жашында жазган жогорку үч сап ырын өзү далай жыл иштегенин, нечен ирет саптарын алмаштырып, түйшүктөнгөнүн айтышат.

Бирок негизинен Светкүлдүн башкача стилде, башкача ыргакта, башкача добуш менен берген муңайым, чөгүңкү маанайы Нургүлдүн ар түрдүү стилдеги ырларынан дагы байкалат: “Саргайбас күз көргүм келет, Бирок, көрбөй келем. Бир дан күрүчкө тойгум келет, Бирок, тойбой келем. Теңир мага күнүн берди, А менчи?..” Өзүндөгү ишке ашпай калган мүдөөлөрдүн, орундалбай калган тилектердин гиперболизацияланып (саргайбас күздү тилөө аркылуу), же тескерисинче, күрүчтүн образдык элеси боюнча ашкере кичиртилип (литота) берилиши акындын акыр аягы келип нени көксөөрүн билбей, далдырап турган кризистик абалын көргөзөт. Ошол депрессиялык абал акыры түндүн аркасында таңдын тураары тууралуу чындыкты таанытпай, лирикалык кейипкердин колуна бычак кармап, түндү жарууга чейин өсүп жеткен киргилт оюн чагылдырат. Бул өңдөнгөн саптар совет адабиятынын бөлүгү катары жашап келген кыргыз совет адабиятынын алкагында оң кабылданмак эмес. Сөз эркиндиги берилген эгемен шартта гана мүмкүн болмок.

Кризистик доор (О.Ибраимов) деп аталган бул мезгилде жазган ырларында орто муундун акындары эмнени чагылдырат? “Кудайга ишенгим келет тилек тилеп, Гүлдөрдү көрбөс үчүн майкандалган. (Досторум мени чынчыл дешип билет) Чындыкты сакташ үчүн айтам жалган.//Ак жашап ар намысты алыш үчүн Алдыма аруулук ак жолун чийет. Адалды арачалап калыш үчүн Арамга жийиркеничтүү колум тийет.//Напназик наз жүрөгүм сакташ үчүн Кай бирде катуу сүйлөп оройлоном. Жапжашыл жаркын жаздын бакчасы үчүн Бороондуу күндөр болот боройлогон”. Бул ыр Үрүниса Маматованын калемине таандык. Өзүндөгү ички назиктик ырларынан астейдил туюлган акын жогорку ыры кирген “Медер” (1989) аттуу жана ага чейин жарык көргөн “Ак куш” (1982) китептери менен өз окурмандарын тапкан. Башын кылыч менен кесем десең дагы өз оюнан кайра тартып көрбөгөн, батылдыгы, бетке чабаарлыгы, өктөмдүгү жагынан кыргыздын илгерки даанышман, баатыр кыздарын эске салган аял акын адабият жолунда бүгүн дагы өз арабасын кылдыратып келе жатат.

Аталган доорду өз өңү менен кагазга түшүрүп берген акындардын бири – Калбүбү Сариева. “Асмансыз жылдар” (1999) жана “Аалам тепкичтери же өткөөл өмүр трактаты” (2005) деп аталган китептеринде биз сөз кылып жаткан кризистик доорду айкын чагылдырган ырлар орун алган. Мисалы: “Жол жүрбөй, жол бою керилген Көрбөдүм күздөгү айдоолор, Көңүлдү бурган да күз эмес Кыштагы өтүүчү шайлоолор.//Саргайган жалбырак эмей-ле Быйыл күз сапырат саясат. Саясат каркылдап каргалар Түнөккө чогулуп тарашат.//Күтүүсүз бирде ысып, бирде сууп, Бийликке умсунган адамдай. Чукулдан бурулуп, буйтаган Күз быйыл шамдагай шамалдай.//Жалпы элди кымынтып-кымсынтат А тирдик өкүмү баягы – Мыжыга кыскандай көр чалды Кызганчаак карт татар аялы.//Күн көрүп

жайынча эл менен Кежир, түнт эримдин эркинде. Жүрсөм да өткөнсүйм бул күздө Өлчөмү өзгө бир мейкинге" . "1994-жылдын күзү" деп аталган бул ырда акын өлкө ичиндеги коомдук абалдын бир көрүнүшүн кабарлайт. Эл күзгү түшүм жыйноо эмес, кышта келчү шайлоонун камы менен опур-топур болуп жатканын бизге көптөн берки көндүм болуп калган шайлоо картинасы катары ачып берет.

"Көчөдө" деген дагы бир ырындагы: "... Максатсыз ойлорго чолоо жок. Каржысыз гезиттер чыга албай. Жабылып жатканда өңдөнүп Жандуу, эски көрсөтмө куралдай. Келатам көчөдө, келатам Ой ордо ичинде. Ой ордо Эл эртең гезитти окушат Беттери чолоосуз толо ойго", - деген, эгемендик учурдагы жабалактап чыга баштаган гезиттердин чыгып-чыкпоо, жабылуу абалдарын чагылдырат. Китептеги ырлар тартыштык, кедейчилик, базарлардын өсүшү, тил, улут маселеси, "күздүн мелүүн коңурлугун сезбей" элдин баары эле үйүнө азык, темир-тезек топтоп, күйпөлөктөгөн күндөр, менчик топтоо, алып сатаарлык, жетип-жетпес айлык, пенсия, баанын өсүшү, "чындыктан жалганы көп турмуш", "ушул заман бир жаңсыл болгуча түк ойгонбой уктап калгысы келген" адам, соодага эби жок калемгерлердин абалы ж.б. көйгөйлөр акын жүрөгүн тепчип өтүп, жүрөгүнөн сызылып чыккан муңайымдуу ырларга айланган. Бирок, турмуш көйүн тартып, санаасын чегип, азапка батып турган акын ошол кайгы-касыретинин алкагында келген жаздын илебин сезбей кое албайт:

"Шашпаса да шайлоо шайын кетирген Кыйды кыштын кош эриген ак кары. Бул дүйнөнүн бучкагына теңебей Бар, жокко тең жаз буруксуй баштады.//Көңүл көйүн жаз да, кыш да көшүтпөйт, Качан келет турмуштун жай ыргагы? Удургутуп ойку-кайкы өмүрдү Утурумдук кызыкчылык уурдады?//Оюн салып мөңкүп өргө бараткан, Алайкуунун жолдорундай бу күндө. Көздү дагы ирмөө керек этият Турганда элдин тең салмагы ийинде" (4.92-б.). Эл тагдыры тынчын алган акын бийликтегилерден абай кыймылды, мамилени талап кылып чырылдайт. Турмуштун оош-кыйыштуу татаал жолун, өзүнүн жандай көргөн Алайкуусунун өр тартып бараткан ийри-буйру жолуна салыштыра, көптөн каттабаган кичи мекенине болгон сагынычты дагы тымызын камтый өтөт.

Акындын ырларына масштабдуулук мүнөздүү. Кайсы бир теманы сөз кылып жатса дагы, өзүнүн жан дүйнөсүнүн тереңинде турган башка көйгөйлөрү дагы удургуп чыгып, астейдил сөзгө алынат. Жогорку бир ырындагы заман өзгөрүмүн айтып жаткандагы өмүрлүк жарынын кулк-мүнөзүн кошо эске салып, ага мамилесин камтый өткөнү буга мисал. Кыскасы, анын ырларынын жеткен граждандык, мекенчил жана терең философиялуу ырлар экендигин белгилегибиз келет. Бул дагы жөн жерден эмес. Философиянын татаал проблемасы боюнча кандидаттык диссертация жазып, коргогон акын татаал ойлоп, татаал берүү жагынан кыргыз акындарынан эч кимди алдына чыгарбайт.

Жыйынтыктап айтсак, кризистик доордо акын кыздардын көбү ички үй-бүлөлүк, коломтолук көйгөйлөрүн, бактыларын ырга салып, өзүнө жакын чакан алкактын ташпишин тартса дагы биз бул бөлүмдө ырларын сөз кылган С.Касымалиева, Н.Абдразакова сыяктуу жаш акындар жана Ү.Маматова, К.Сариева сыяктуу орто муундун акындары өз доорунун элесин элестүү чагылдырган ырларды жаратканын көрдүк. Айрыкча К.Сариеванын ырлары XX кылымдын аягындагы кризистик доор деп аталган мезгил тилкесин өңүнөн өчүрбөй, анын майда көрүнүштөрүнөн тартып чоң көйгөйлөрүнө чейин элекке салып, ойго байытып тартуулаганы менен баалуу. Айырмасы, жаш акындардын ырларына көбүнесе абстрактуулук мүнөздүү болсо, улуу акындарда конкреттүүлүк орун алып, алар доор кризисинин себеп-жөнүн туя билишет. Кылым акырында Ш.Дүйшеев сыяктуу акындар "Кайдыгерлик" сыяктуу ырларын жаратып, адам ниетинин бузулушун, карылар үйүндө күн кечирген карылардын абалын, кыргыз тил тагдырын ырга салган учурда аларга калемдеш акын кыздардын дагы жигиттерден калышпай өз сөзүн айтып жатышы кыргыз тагдырына, өлкө, мекен келечегине аял заты дагы кем күйбөстүгүн, бир кезги Жаңыл мырза, Курманжан энелердин өрнөктүү тажрыйбасы уланып келе жаткандыгын далилдейт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдразакова Н. Бир тал ширеңке. – Б., 1997.
2. Байгазиев М., Касымалиева С. Үнсүз кыйкырык. – Б., 1996.
3. Маматова Ү. Медер. – Ф.: Адабият, 1989.
4. Сариева К. Асмансыз жылдар. Китепте: Аалам тепкичтери же өткөөл өмүр трактаты. – Б.: Бийиктик, 2005.